1. Айтматов Чыңгыз. Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы: 1-том. Повесттер. /Түз.: А.Акматалиев, А.Кыдырманбетова. – Бишкек: “Улуу тоолор”, 2018. – 524 б.
2. Айтматов, Ч. Т. Саманчынын жолу: Повесттер, аңгемелер / Ч. Т. Айтматов. – Бишкек: Бийиктик, 2009. – 320 б.
3. Акматалиев, А. А. Чыңгыз Айтматов: Адам жана Аалам / А. А. Акматалиев. – Бишкек: Илим, 2013. – 456 б.
4. Ибраимов, О. Чыңгыз Айтматов: Жашоосу жана чыгармачылыгы / О. Ибраимов. – Бишкек: Турар, 2018. – 512 б.
5. Асаналиев, К. Көркөмдүк өнөрү: Адабий-сын макалалар / К. Асаналиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 256 б.
6. Элебаева, А. Б. Айтматовдун чыгармаларындагы гуманизм идеялары / А. Б. Элебаева. – Бишкек, 2015. – 120 б.
7. Кадырбекова, А. Кыргыз адабиятындагы аялдардын образы: Гендердик аспект // Илимий макалалар жыйнагы. – 2021. – №4. – Б. 45-50.
8. Б.Ашымбаев. Чыңгыз Айтматов. – Фрунзе, 1965. – 153-154-б.
9. Гачев, Г. Д. Чингиз Айтматов (В свете мировой культуры) / Г. Д. Гачев. – Бишкек: Адабият, 1989. – 488 с.
10. Токтогулова, Г. Т. Түркстан крайындагы тилдердин колдонулушун тарыхый талдоо / Г. Т. Токтогулова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2024. – No. 1(23). – P. 119-126. – EDN JXVVQJ.
11. Токтогулова, Г. Т. Жусуп Абдрахмановдун башкаруучулук жана инсандык сапаттары / Г. Т. Токтогулова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2021. – No. 1(17). – P. 192-195. – EDN ZFOKDK.

УДК: 821.512.154-3(045) **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.534**

“КЫЗЫЛ АЛМА” АҢГЕМЕСИНДЕГИ БАШ КААРМАНДЫН ОБРАЗЫ

Шамырбекова А.Ш.,Окутуучу-магистр, Ош МПУ
Ош шаары,Кыргызстан, aizatshamyrbekova4@gmail.com, ORCID: 0009-0002-1706-5639

ОБРАЗ ГЛАВНОГО ГЕРОЯ В РАССКАЗЕ “КРАСНОЕ ЯБЛОКО”

Шамырбекова А.Ш., Преподаватель-магистр Ошский государственный педагогический университет г. Ош, Кыргызстан,
aizatshamyrbekova4@gmail.com ORCID: 0009-0002-1706-5639

THE IMAGE OF THE PROTAGONIST IN THE SHORT STORY “THE RED APPLE”

Shamyrbekova A.Sh., Lecturer, Master’s Degree Holder
Osh State Pedagogical University Osh, Kyrgyzstan,
aizatshamyrbekova4@gmail.com ORCID: 0009-0002-1706-5639

Аннотация.

Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун «Кызыл алма» аңгемесинин философиялык-психологиялык жана көркөм өзгөчөлүктөрү талданат. Чыгармадагы адамдын ички дүйнөсү, моралдык тандоосу жана психологиялык карама-каршылыктары негизги изилдөө объектиси катары каралат. «Кызыл алма» символу аркылуу автор идеалдаштырылган сүйүү менен

турмуштук реалдуулуктун ортосундагы конфликтти ачып берет. Исабековдун образы аркылуу үй-бүлөлүк мамилелердин татаалдыгы, өткөн сезимдердин таасири жана жоопкерчилик маселеси чагылдырылат. Ошондой эле жазуучунун психологизм ыкмасы, ички монологдорду колдонуудагы чеберчилиги белгиленет. Жыйынтыгында чыгарманын универсалдуу мазмуну жана адамзаттык баалуулуктарды камтыган идеялык мааниси негизделет.

Ачкыч сөздөр: *моралдык тандоо, кишенден бошонуу, символ(кызыл алма), сезимдердин кагылышуусу, реалдуулук.*

Аннотация

Данная статья анализирует философские, психологические и художественные особенности рассказа Чингиза Айтматова «Красное яблоко». В центре исследования находятся внутренний мир героя, его нравственный выбор и психологические конфликты. Через символ «красного яблока» автор раскрывает напряжение между идеализированной любовью и реальными жизненными обстоятельствами. Образ Исабекова отражает сложность семейных отношений, влияние прошлых чувств и проблему личной ответственности. Также подчеркивается использование писателем психологической глубины и внутреннего монолога. В заключение обосновывается универсальный смысл произведения и его гуманистические ценности.

Ключевые слова: *моральный выбор, освобождение от оков, символ (красное яблоко), столкновение чувств, реальность.*

Abstract

This article analyzes the philosophical, psychological, and artistic features of Chingiz Aitmatov’s short story “The Red Apple.” The study focuses on the protagonist’s inner world, moral choices, and psychological conflicts as the main objects of analysis. Through the symbol of the “red apple,” the author reveals the tension between idealized love and real-life circumstances. The character of Isabekov reflects the complexity of family relationships, the impact of past emotions, and the issue of personal responsibility. The writer’s use of psychological depth and internal monologue is also highlighted. In conclusion, the work’s universal meaning and its humanistic values are substantiated.

Keywords: *moral choice, breaking free from shackles, symbol (red apple), conflict of emotions, reality.*

Чыңгыз Айтматовдун «Кызыл алма» аңгемеси кыргыз адабиятынын гана эмес, жалпы адамзаттык адабий ойдун алкагында өзгөчө орунга ээ. Анткени бул чыгарма адамдын ички дүйнөсүнө терең сүңгүп кирген философиялык мазмуну, гуманисттик идеяларга сугарылган көркөм ой жүгүртүүсү жана эң негизгиси — адам психологиясын жогорку деңгээлде ачып берген идеялык-эстетикалык чеберчилиги менен айырмаланат. Автор бул аңгеме аркылуу адам сезими, моралдык тандоо жана ички күрөштүн татаалдыгын терең чагылдырып, чыгарманын универсалдуу баалуулугун көрсөтөт. Чыңгыз Айтматовдун «Кызыл алма» аңгемеси көркөм өзгөчөлүгү анын адам психологиясын терең ачкан философиялык-психологиялык багытында көрүнөт. Бул чыгармада жазуучу адамдын ички дүйнөсүн, сезим менен акылдын кагылышын жана моралдык тандоонун татаалдыгын жогорку көркөм деңгээлде чагылдырат. Бул чакан прозалык чыгарма автордун замандашы жана жакын санаалашы болгон казак адабият таануучусу Зейнулла Кабдоловдун өтүнүчүнөн улам жаралган.

Ырас, чыгарма ар кандай жолдор менен жаралат. Кээде тема идеяны жаратса, кээде идея теманы табат. Кээде турмуштук бир эпизод чоң чыгарманын жаралышына себеп болот. Жазуучу бирге окуган жолдошунун бир ирет кызыл алма таап алып, аны жолдошторунан коруп сүйгөн кызына алып баргандыгы жөнүндөгү окуяны өөрчүтүп, жазуучулук ойдон жаратуунун натыйжасында баштан-аяк бирдиктүү бир идеялык-көркөмдүк концепцияга бириккен бир бүтүн чакан аңгеме жараткан. Айтматовдун устаттыгынын негизги белгиси — адам жан дүйнөсүнө терең үңүлүү жана каармандын ички монологу аркылуу психологиялык абалды ачык көрсөтүү. «Кызыл алма» аңгемесинде да каармандын ички күрөшү, анын чечим

кабыл алуудагы психологиялык кыйналуусу көркөм деталдар аркылуу берилет. Бул ыкма жазуучунун адам психологиясын ачуудагы өзгөчө чеберчилигин далилдейт.

Чыгарманын негизги өзөгүн сүйүү темасы түзөт. Каарман жигиттин таза, ыйык сезиминин символу катары тартууланган кызыл алма текебер сулуу тарабынан четке кагылат. Ушул жагдай анын ички дүйнөсүндө терең из калтырып, натыйжада ал мындан ары эч бир кызга кызыл алма тартуулоодон баш тартат. Бул психологиялык жараат анын кийинчерээк үй-бүлөлүк турмушуна да таасирин тийгизип, ал тургай жубайы Сабирага да мындай символдук белекти ыйгарууга моралдык жактан даяр болбой калат. Каармандын бул абалын автор адам психологиясынын татаалдыгы аркылуу негиздейт: адамдын жан дүйнөсүн муздатып, сезимдерин тоңдуруп коюу оңой болгону менен, аны кайра жандандыруу өтө кыйын, кээде мүмкүн эместей сезилет. Исабековдун ажырашуу азабын башынан кечирип, кызы Анарага бул чындыкты кантип жеткирүүнү билбей турган учурдагы ой жүгүртүүсү дал ушундай руханий кризистин көрүнүшү болуп саналат.[2/427]

Бирок чыгармадагы экинчи “кызыл алма” мотиви жаңы маани-наркка ээ болот. Кызы Анара тапкан кызыл алма каармандын ички туюмун ойготуп, анын сезимдик дүйнөсүндө бурулуш жаралат. Натыйжада Исабеков өзүнүн ички каршылыгын жеңип, кызыл алманы күтүп келген, ага чыныгы муктаж болгон адам — өзүнүн жубайы Сабира экендигин аңдайт. Ушундайча кызыл алма образы чыгармада сүйүүнүн, кечиримдүүлүктүн жана руханий кайра жаралуунун символу катары терең философиялык-маанилик жүк көтөрөт.

Ч. Айтматов Исабековдун образы аркылуу үй-бүлөлүк мамилелердин татаалдыгын жана адамдын жүрөгүндө терең из калтырган эзелки сүйүүнүн таасирин ачып берген. Автор баш каарманды үй-бүлө же эзелки четке кагылган махабат ортосунда тандоо кылуу мажбурлаган. Каармандын азыркы үй-бүлөсүндөгү муздактык, жубайы Сабира менен түшүнбөстүктөрү анын ички дүйнөсүндөгү жаңы жашоого жол бошотуп бербеген эски сүйүүсү менен байланыштуу. Жаш кезинде четке кагылган сүйүү анын сезимдерин туңгуюкка камап, жубайы менен ачык сүйлөшүүгө, ага болгон сезимин ачык билдирүүгө тоскоол болуп калган. Ошол өткөн окуя анын жүрөгүндө «кызыл алма» сыяктуу символго айланып, сүйүүгө болгон ишенимин солгундаткан. Бирок убакыт өтүп, ал өзүнүн үй-бүлөсүндөгү көйгөйлөрдүн да түпкү себеби ошол ички жабыктык экенин түшүнө баштайт. Исабековдун образы аркылуу жазуучу адамдын бир кездеги кайгысы жана көңүл калуусу бүт өмүрүнө таасир этип каларын, бирок адам аны түшүнүп, өзгөрүүгө аракет кылса гана үй-бүлөсүн сактап кала аларын көрсөтөт.

Мисал катары повесттеги төмөнкү саптарды алсак болот: “ *Деген менен аялын ачык аймалап, ак сүйүүсүнө негедир бирдеме кедерги болуп тургансыйт. Сүйөрү чын анысын жашырбай эле сүйсө эмне болот? Кысынган кишенинен бошонуу үчүн аракет керектигин ал туюк сезет, антүү үчүн жигитчилик жаш кезине кайрылбаска болбочудай, калтырбай турган бир кымбатын ошол дооруна таштап келгендей жүрөт*.”[1/99] Бул үзүндү Исабековдун ички психологиялык абалын, тактап айтканда сүйүү менен коомдук-моралдык тоскоолдуктардын ортосундагы күрөшүн ачып турат. Каармандын сезими ачык жана таза көрүнгөнү менен, анын ичинде кандайдыр бир ички каршылык, тартынуу бар экени байкалат. Ал сүйүүнү толук эркин жашоого умтулат, бирок ага «бир нерсе» — бул коомдук чектөөбү, үй-бүлөлүк милдетпи же өзүнүн ички абийири — тоскоол болуп жаткандай сезилет. Ушул абал адамдын эки дүйнөнүн ортосунда калган психологиялык чыңалуусун көрсөтөт. Үзүндүдөгү «кишенден бошонуу» деген ой символдук мааниге ээ. Бул жерде кишен — сырткы шарт эмес, адамдын ички коркуусу, жоопкерчилик сезими жана моралдык чектөөлөрү. Исабеков сүйүүгө толук берилгиси келет, бирок ошол эле учурда өзүнүн өткөнүнө, жаштыгына байланып калгандай сезилет. Бул анын руханий эркиндигинин толук ачылбай жатканын билдирет.

Күздүн муздак деми табиятка гана эмес, адамдын ички дүйнөсүнө да сүңгүп киргендей. Саргайып, сабагынан үзүлгөн жалбыректардын жерге жай түшүшү — өмүрдүн өткөөлдүгүн, сезимдердин солгундашын символдоштурат. Ошол жалбыректардын бири шамал айдап келип, машинанын капотуна жабыша түшөт. Ал бир саамга болсо да темирге жуурулушуп,

ажырагысы келбегенсип тырышып турат. Бирок шамалдын кийинки деми аны кайра жулуп кетип, белгисиз багытка алып учуп кетет. Бул көрүнүш Исабековдун тагдыры менен терең үндөшөт. Ал да бир кезде сүйүү сезимине бекем байланып, аны түбөлүккө сактап калчудай ишенген. Бирок турмуш шамалы анын ички дүйнөсүн солгундатуу менен, ошол таза сезимди үзүп түшкөн жалбыректай ажыратып кетти. Капотко жабышкан жалбырак сыяктуу ал да бир мезгилде жылуулукка, туруктуулукка умтулган, бирок тагдырдын муздак шамалы аны өз нугунан чыгарып, жалгыздыкка айдап салган. Жалбыректын ажырагысы келбей жабышып турганы — адамдын өткөн сезимдерге болгон кусалыгын, ал эми анын учуп кетиши — турмуштун кайтарылгыс агымын туюнтат. Исабеков да дал ошол жалбырак сыяктуу: ал жүрөгүндөгү муздап калган сезимдерге карабай, жашоонун агымы менен алга сүрүлүүгө аргасыз. Бирок ошол жалбыректай болуп, анын ичинде дагы эле бир нерсеге — жылуулукка, түшүнүүгө, кечиримге — жабышып калгысы келген муңдуу умтулуу жашап турат. Исабековдун машина ичинде “Аве Мария” чыгармасын коюшу — автор тарабынан каармандын ички дүйнөсүн тереңирээк ачууга багытталган көркөм ыкма. Бул эпизод аркылуу жазуучу Исабековдун жөн гана турмуштук кыйынчылыктарды баштан кечирген адам эмес, ички руханий изденүүдө жүргөн, сезимтал жана татаал психологиялык абалдагы инсан экенин көрсөтөт. “Аве Мария” — дүйнөлүк маданиятта тазалыктын, ыйыктыктын, кечиримдүүлүктүн символу катары кабыл алынган чыгарма. [2/170]Аны угуп жаткан учурда Исабековдун жан дүйнөсүндө терең ой жүгүртүү, өкүнүч жана руханий боштук сезимдери күчөйт. Бул анын муздап калган жүрөгүндө дагы деле болсо жылуулукка, тазалыкка умтулуу бар экенин айгинелейт. Демек, автор бул музыкалык образ аркылуу Исабековдун трагедиялуу, бирок ошол эле учурда руханий жактан ойгонууга жакын турган образын ачып берет. Ал — жашоонун сыноолорунан кийин сезимдери тоңуп калган, бирок толук өчпөгөн, кайра жандануусу мүмкүн болгон ички дүйнөнүн ээси.

Исабеков эзелки сүйүүсүнүн көлөкөсүндө гана жашап калган эмес. Анын жүрөгүндө ошол жаштык сезимдин изи калган менен, ал азыркы жашоосун да толук сезе билет. Мисалы, жубайы Сабира менен көчөдө баратканда, аялына суктанып караган адамдарды көрүп, ичинен кандайдыр бир сыймыктануу, канааттануу сезими пайда болот. Бул анын жүрөгүндө жубайына болгон терең байланыу жана жашыруун болсо да бар сүйүү бар экенин көрсөтөт. Каармандын ички дүйнөсү татаал психологиялык абалда берилет. Исабековдун башындагы ойлор бири-бири менен чаташып, аны руханий жактан чарчатып, жан дүйнөсүндө бардык кайгысын унутуп, эч нерседен капарсыз, тээ алыста от жагып, табият менен жуурулушкан, кайгы-кападан алыс жөнөкөй чабандын ордунда отурсам ээ деген ойго келтирет. Бул акылуу анын социалдык жоопкерчиликтерден же турмуштун татаалдыгынан качуусу эмес, тескерисинче, психологиялык стресстен арылууга болгон ички муктаждыгын көрсөтүп турат. Мындай ички сезимдердин кагылышуусу дүйнөлүк адабиятта да көп кездешет.

Мисалы: Антон Павлович Чеховдун «Дама с собачкой» чыгармасында да Исабековдун образындагыдай ички психологиялык карама-каршылык чагылдырылат. Башкы каарман Гуров Ялтада Анна Сергеевна менен жолугушкандан кийин, алгач бул окуяны жеңил көңүл ачуу катары кабыл алат, бирок убакыт өткөн сайын анын сезимдери тереңдеп, чыныгы сүйүүгө айланат. Чыгармада Гуровдун абалы мындайча сүрөттөлөт:

«Гуров не спал всю ночь и возмущался и затем весь день провел с головной болью. И в следующие ночи он спал дурно, всё сидел в постели и думал или ходил из угла в угол. Дети ему надоели, банк надоел, не хотелось никуда идти, ни о чем говорить» [4/312]. Ушуга окшош абалды Исабеков да башынан өткөрөт. Ал да түн ичинде уктай албай, ой-толгоолорунун арасында калып, өзүн тынчтыгын таба албай кыйналат. Үй-бүлөлүк маселелер, өткөн жаштык жана кеч кезиккен сүйүүнүн учкундары эки каарманды тең түйшөлткөн ойго салып, түн уйкусун алат. Исабековдун кыялында жараткан идеалдуу сүйүү образы бара-бара анын чыныгы турмуштук сезимдеринин алдында алсыздык кылып калат. Жаш кезинен бери жүрөгүндө сактап келген романтикалык элестер акырындап реалдуулуктун таасиринде экинчи планга өтүп, анын ордун үй-бүлөлүк жоопкерчилик, абийир үнү жана жакын адамдарга болгон чыныгы мээрим ээлей баштайт. Убакыт өткөн сайын анын жан дүйнөсүндө жубайы Сабирага

болгон сезимдери, кызы Анаранын тагдыры үчүн тынчсызданууcу жана аталык милдет сезими үстөмдүк кылат. Айрыкча кызынын келечеги тууралуу ой аны терең руханий тынчсызданууга түртүп, ар бир чечимине жоопкерчилик менен кароого мажбурлайт. Натыйжада, Исабековдун ички дүйнөсүндө кыялдагы романтикалык сүйүү эмес, турмуштук реалдуулук жана абийирдик жоопкерчилик чечүүчү күчкө айланат.

Бул ички кагылышуулардын маңызын биз дүйнөлүк адабияттагы “Масумиет музейи” романындагы музей — бул материалдык мейкиндик аркылуу сүйүүнү, эскерүүнү жана жоготууну түбөлүккө “консервалоо” аракети. Орхан Памук өз каарманы Кемалдын сезимин буюмдар аркылуу конкреттештирип, сүйүүнүн ар бир көз ирмемин физикалык экспонатка айлантат. Бул жерде музей — өткөндү кармап калуунун, аны өзгөрбөс формада сактоонун символу. Орхан Памукта сүйүү конкреттүү буюмдар аркылуу түбөлүккө “музейлештирилет”: «Менин бүт бактым — ушул музейде сакталган эскерүүлөрдө» [6/152]Ал эми Кызыл алма чыгармасындагы Исабеков да өзүнчө бир “музейди” түзөт, бирок ал көзгө көрүнбөгөн, ички — психологиялык музей. Чыңгыз Айтматов каармандын жан дүйнөсүндө сакталган эскерүүлөрдү, өкүнүчтөрдү, муздап калган сезимдерди көркөм символдор аркылуу берет. Исабеков үчүн кызыл алма — ошол музейдин башкы “экспонаты”: ал четке кагылган сүйүүнүн, үзүлгөн үмүттүн жана тоңуп калган жүрөктүн белгиси болуп калат.

Эки чыгармада тең музей түшүнүгү сүйүүнү сактоо аракети менен байланышкан, бирок алардын табияты айырмаланат. Памукта музей — тышкы, материалдык формада: ал сүйүүнү реалдуу буюмдар аркылуу түбөлүккө калтырууга умтулат. Ал эми Исабековдун “музейи” — ички, руханий мейкиндик: ал сезимдердин изин жүрөктө сактайт, бирок бул сактоо бир жагынан азапка, тоңууга алып келет. Мындан тышкары, Кемал өз музейи аркылуу өткөндү жоготпой, аны идеалдаштырып жашоону тандаса, Исабеков тескерисинче, өзүнүн ички “музейинин” туткунунда калат. Ал узак убакыт бою сезимдерин жандандыра албай, муздак абалда жашайт. Бирок экинчи кызыл алма мотиви аркылуу бул “музей” жабык система болбой, кайра ачылууга, жаңылануга мүмкүн экендиги көрсөтүлөт. Ошентип, Масумиет музейи менен Кызыл алма чыгармаларын салыштырганда, бири сүйүүнү тышкы дүйнөдө материалдаштырса, экинчиси аны ички руханий мейкиндикте сактайт. Экөөндө тең негизги идея — сүйүүнүн унутулбастыгы, бирок аны сактоонун формасы жана натыйжасы ар башка көркөм чечим аркылуу берилет.

Айтматов бул жерден адам табиятындагы татаалдыкты көрсөтөт: сүйүү дайыма эле жөнөкөй жана эркин процесс эмес, ал көп учурда ички конфликт, өкүнүү жана чечим кабыл алуунун оордугу менен коштолот. Каармандын «жигитчилик жаш куракка кайрылуу» тууралуу ойлонуусу анын өткөн турмушуна кайра кайтып, өзүн кайрадан түшүнүүгө болгон ички муктаждыгын билдирет. Аңгемеде көтөрүлгөн негизги идеялар гуманисттик мүнөзгө ээ. Автор адамдагы абийир, жоопкерчилик жана моралдык тазалык маселелерин биринчи планга чыгарат. «Кызыл алма» символу аркылуу адамды азгыруучу сезимдер жана ички карама-каршылыктар чагылдырылып, адамдын руханий баалуулуктары сыналат. Ошондой эле чыгармада улуттук маданий ой жүгүртүү менен жалпы адамзаттык баалуулуктар айкалыштырылган. Айтматов элдик түшүнүктөрдү жана салттык моралдык принциптерди заманбап психологиялык анализ менен бириктирип, универсалдуу мазмун жаратат. Жазуучунун философиялык концепциясынын өзөгү — адамдын ички дүйнөсүнүн өнүгүүсү жана моралдык жоопкерчилиги. «Кызыл алма» аңгемесинде да адамдын тандоосу анын тагдырын аныктоочу негизги фактор катары берилет. Бул аркылуу жазуучу адамды өз жүрүм-турумуна жоопкер болууга, абийир менен жашоого чакырат.

Бүгүнкү күндүн турмушу менен салыштырганда, мындай абал дагы деле актуалдуу. Азыркы коомдо адамдар мурдагыдан эркин жашагандай көрүнгөнү менен, ички моралдык чектөөлөр жана коомдук баалоо күчүн жоготкон эмес. Көп адамдар сезимдери менен милдетинин ортосунда калат: бир тараптан сүйүү, жакындык, жеке бакыт болсо, экинчи тараптан үй-бүлө, балдар, коомдук жоопкерчилик турат. Мисалы, бүгүнкү жашоодо да үй-бүлөлүү адамдарда же узак мамиледе жүргөндөрдө «жүрөк каалаган нерсе» менен «туура нерсе» деген түшүнүктөр кагылышат. Сырттан караганда мүмкүнчүлүк көп болгону менен,

адамдын ички абийири жана жоопкерчилик сезими аны токтотуп турат. Бул көрүнүш үзүндүдөгү «кишенден бошонуу» идеясына окшош — бирок ал кишен азыр физикалык эмес, психологиялык жана моралдык мүнөздө. Ошондой эле бүгүнкү коомдо социалдык тармактар да бул сезимдерди күчөтөт. Адамдар өз жашоосун башкалар менен салыштырып, ички күмөндөрүн көбөйтүп алышат. Натыйжада каарман сыяктуу эле «мен эмнени туура эмес кылып жатам?» деген суроо менен күрөш жүрөт. Демек, «Кызыл алма» аңгемеси — бул жөн гана жеке тагдырдын баяны эмес, адамзатка мүнөздүү универсалдуу психологиялык жана моралдык маселелердин көркөм-илимий интерпретациясы. Чыгарма адамдын ички дүйнөсүн аңдоо, моралдык тандоонун жоопкерчилигин сезүү жана руханий жетилүүгө умтулуу идеяларын актуалдаштырып, бүгүнкү күндө да өзүнүн эстетикалык жана философиялык маанисин сактап келет.

Колдонулган адабияттар:

1. Повесттер, аңгемелер. – 2009. – 99 б. Мазмуну: Ботогөз булак; Биринчи мугалим; Кызыл алма; Саманчынын жолу; Гүлсарат.
2. Акматалиев А. Айтматовдук энциклопедия. – Бишкек, 1993-ж.
3. Калиева А. Кызыл алма- бакыт символу// Кырг. аданияты.-1976.-8апр.
4. Антон Чехов. Дама с собачкой. – Москва: Художественная литература, 1980. – 312–330-бб.
5. Орхан Памук. Масумиет музейи. – Стамбул: İletişim Yayınları, 2008.

УДК 821 DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1%20(27).522

Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ УЛУТТУК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР ЖАНА УНИВЕРСАЛДУУ БААЛУУЛУКТАР (ЭНЕНИН МИСАЛЫНДА)

Утанова С., Акматова А.
ОшМПУ

Аннотация: Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы эне образы улуттук жана универсалдуу баалуулуктардын айкалышы катары каралат. Автор эненин кыргыз маданиятындагы ордун, анын үй-бүлөдөгү жана коомдогу ролун талдоо менен бирге, энелик мээримдин жалпы адамзаттык маанисин ачып берет. Айтматовдун чыгармаларындагы эне образы аркылуу боорукердик, сабырдуулук, кечиримдүүлүк жана жоопкерчилик сыяктуу сапаттар чагылдырылып, алар улуттук чектен чыгып универсалдуу гуманисттик баалуулуктар катары бааланат. Ошондой эле макалада глобалдашуу шартында улуттук иденттүүлүктү сактоодо эненин тарбиялык ролу өзгөчө белгиленет. Изилдөөнүн жыйынтыгында эне образы маданияттардын ортосундагы байланыш түзүүчү жана адамзаттык биримдикти бекемдөөчү маанилүү символ экендиги аныкталат.

Ачкыч сөздөр: эне образы, Айтматов, улуттук баалуулуктар, универсалдуу баалуулуктар, тарбия, гуманизм, иденттүүлүк

НАЦИОНАЛЬНЫЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ И УНИВЕРСАЛЬНЫЕ ЦЕННОСТИ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ Ч. АЙТМАТОВА (НА ПРИМЕРЕ МАТЕРИ)

Утанова С., Акматова А.
ОшГПУ

Аннотация: В данной статье рассматривается образ матери в произведениях Чингиза Айтматова как синтез национальных и универсальных ценностей. Анализируется роль матери в кыргызской культуре, а также ее значение в семье и обществе. Через художественные образы